*Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын Байкоочу кеңешинин 2018-жылдын 20-декабрындагы №115/18 протоколу менен бекитилген*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КООМДУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫНЫН БАШКЫ ДИРЕКТОРУ КЫЗМАТЫНА АЧЫК СЫНАК ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын башкы директору (мындан ары – башкы директор) кызматына ачык сынак өткөрүү тартибин жана шарттарын аныктайт жана “Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын Уставына (мындан ары – КТРК) жана Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын Байкоочу кеңешинин Регламентине ылайык иштелип чыкты.
1.2. Башкы директор кызматына сынак өткөрүү жана аны өткөрүү боюнча жарыянын текстин бекитүү жөнүндөгү чечим Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын Байкоочу кеңеши (мындан ары – Кеңеш) тарабынан кезексиз жыйынында кабыл алынат. Сынак төрт баскычта өткөрүлөт.
1.3. Сынак ачык өткөрүлөт. Кеңеш сынакты ачык жана объективдүү өткөрүү үчүн өз карамагындагы бардык чараларды колдонот. Талапкерлерди, алардын документтерин талкуулоо боюнча отурумдар, ошондой эле талапкерлер менен маектер, добуш берүү жүрүмү жана сынактын бардык баскычтары КТРК жана башка массалык маалымат каражаттарында, интернет-ресурстарда техникалык жана башка мүмкүнчүлүктөргө ылайык кеңири чагылдырылат.

## 2. СЫНАК ӨТКӨРҮҮ ТУУРАЛУУ ЖАРЫЯ. СЫНАКТЫН КАТЫШУУЧУЛАРЫНА ТАЛАПТАР. СЫНАК КАТЫШУУЧУЛАРЫНАН АРЫЗДАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ (1-БАСКЫЧ)

2.1. Башкы директор кызматына сынак жөнүндө жарыя сынакка чейин кеминде бир айдан кеч эмес убакытта кесипке ылайыктуулук талаптарын, тийешелүү документтердин тизмесин, арыз жазуу мөөнөтүн, документти кабыл алуу дарегин жана башка маалыматтарды көрсөтүү менен экиден кем эмес республикалык гезиттерде мамлекеттик жана расмий тилдерде жарыяланат. Арыздар жарыяда көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирилбестен тапшырылат.
2.2. Башкы директор кызматы сынагына жогорку билимге, 5 жылдан кем эмес жетекчилик иш тажрыйбасына ээ, мамлекеттик тилди эркин билген Кыргыз Республикасынын жарандары катыша алат.
2.3. Башкы директор кызматы үчүн сынакка катышууга төмөнкү жарандарга уруксат берилбейт:
- КТРКнын башкы директору кызматында иштөөгө бөгөт болчу тийешелүү кызматка орношууга тыюу салынгандар же тийешелүү ишмердүүлүк жүргүзүүгө тыюу салынгандар, же болбосо сот чечими менен жарамдуулугу чектелген же жарамсыз деп табылгандар;
- соттолгондугу жоюлбагандар же соттолгондугу алып салынбагандар;
“Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын19-беренесинин 3-1 бөлүгүн эске алуу менен, КТРК Башкы директору кызматын ээлөө сынагына катышып жаткан учурда талапкер коомдук-саясий жана

диний уюмдарда кызмат ээлей албайт, ошондой эле саясий уюмдардагы мүчөлүгүн токтотушу керек.
2.4. Башкы директор кызматын ээлөө үчүн сынакка катышууну каалаган тараптар көрсөтүлгөн мөөнөттө Кеңеш Төрагасынын атына арыз тапшырышат жана төмөнкү документтерди тиркешет:

- түстүү сүрөт менен өздүк таржымал;
- өмүр баяны;
- паспорттун көчүрмөсү;
- жогорку билими жөнүндө дипломдун же жогорку билимди же Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык ага теңештирилген билимди алгандыгын тастыктаган мамлекеттик үлгүдөгү документтердин нотариалдык жактан же иштеген жеринин кадр кызматы тарабынан күбөлөндүргөн көчүрмөсү;
- нотариалдык жактан же иштеген жеринин кадр кызматы тарабынан күбөлөндүргөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
- каалаган учурларда сынактын катышуучулары адистик билим жана / же адистигин жогорулаткандыгы, кошумча адистик билими жөнүндө, окумуштуулук даража ыйгарылгандыгы жөнүндө документтерин кошо алышат;
- КТРКны өнүктүрүү боюнча ойлору (мамлекеттик жана расмий тилде; MS WORD форматында 3 барактан ашпаган, Times New Roman 12-өлчөмүндө арибинде, 1,15 аралык менен);
- КТРК Башкы директору кызматын ээлөө сынагына катышып жаткан учурда талапкер коомдук-саясий жана диний уюмдарда кызмат ээлебей тургандыгы, ошондой эле саясий уюмдардагы мүчөлүгүн токтоткондугу жөнүндө талапкер кол койгон кепилдик каты.

2.5. Жарыяда белгиленген мөөнөттөн кеч тапшырылган сынак катышууларынын арыздары жана документтери кабыл алынбайт.
2.6. Эгерде белгиленген мөөнөттө бир дагы арыз келип түшпөсө, анда Кеңеш сынакты бир айга чейинки мөөнөткө узартат.

## 3. СЫНАКТЫН КАТЫШУУЧУЛАРЫ ТАПШЫРГАН ДОКУМЕНТТЕР МЕНЕН ТААНЫШУУ, АНАЛИЗ ЖАСОО. ТАПШЫРЫЛГАН ДОКУМЕНТТЕРДИН НЕГИЗИНДЕ СЫНАК КАТЫШУУЧУЛАРЫН ЭКИНЧИ АЙЛАМПАГА ТАНДАП АЛУУ (II БАСКЫЧ)

3.1.Башкы директор кызматын ээлөө үчүн сынактын экинчи баскычы биринчи баскычта тапшырылган документтерди изилдөөдө, талдоодо жана изилдөө жана талдоо жыйынтыктарынын негизинде катышуучуларды тандап алууда жатат. Ушул жобо менен аныкталган талаптарга жооп берген документтердин толук пакетин тапшырган сынак катышуучуларына үчүнчү айлампага өтүүгө жол берилет.
3.2. Тигил же бул сынак катышуучусун үчүнчү баскычка өткөрүү же өткөрбөй коюу чечими добуш берүү жолу менен кабыл алынат жана Кеңеште отурумга катышып жаткан мүчөлөрдүн көпчүлүк добушу менен аныкталат.

## 4. КТРКнын БАШКЫ ДИРЕКТОРУ КЫЗМАТЫН ЭЭЛӨӨГӨ ТАЛАПТАНГАНДАР МЕНЕН МАЕК ӨТКӨРҮҮ (III БАСКЫЧ)

4.1. Сынактын үчүнчү баскычы анын экинчи баскычынан өткөн сынак катышуучулары менен маек жолу аркылуу өткөрүлөт. Башкы директор кызматын ээлөө үчүн талапкерди тандап алуунун негизги чен-өлчөмдөрү болуп талапкердин КР КТРКнын башкы директору кызматына коюлган интеллектуалдык, маданий деңгээлге, квалификациясына, турмуштук иш тажрыйбасына шайкеш келүүсү саналат.

4.2. Маек Кеңештин мүчөлөрү тарабынан оозеки жүргүзүлөт. Талапкер КТРКны өнүктүрүү боюнча ой-пикири менен тааныштырышы керек. Муну менен бирге КР КТРКнын башкы директору кызматынын талапкери өз көз-карашы менен тааныштыруу маалында компьютердик технологияларды, жазуу каражаттарын жана башка керектүү чараларды колдонушу мүмкүн.
4.3. Ар бир талапкер менен маекке бөлүнгөн убакыт Кеңеш тарабынан аныкталат.
4.4. Маектешүүгө келүү зарылдыгы боюнча билдирүү телефон чалуу, талапкердин арызында көрсөтүлгөн электрондук дарек боюнча маалымат жиберүү аркылуу маек өткөрүү күнүнө чейин 10 күндөн аз эмес мөөнөттө жүзөгө ашырылат. Маекке келбей калган талапкерлер андан аркы кароодон чыгарылат.
4.5. Көрсөтүлгөн талаптарга өзгөчө шайкеш келген талапкерлер сынактын акыркы - төртүнчү баскычына өткөрүлөт. Өткөрүү же четке кагуу тууралуу чечим Кеңештин отурумуна катышып жаткан мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Ар бир талапкер боюнча добуш берүү өз-өзүнчө жүргүзүлөт.

## 5. СЫНАК ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ (IV БАСКЫЧ)

5.1. КР КТРКнын башкы директорун шайлоо бюллетендер менен жашыруун шайлоо жолу аркылуу Кеңештин жыйынында өткөрүлөт. Жыйында Кеңештин мүчөлөрүнүн ичинен үч кишиден турган эсеп комиссия түзүлүп, алар бюллетендерди эсептешет.
Шайлоону өткөрүү убакыты жана күнү жөнүндө чечим Кеңештин отурумга катышкан мүчөлөрүнүн көпчүлүгү тарабынан кабыл алынат. Кеңештин мүчөлөрү ар бир талапкер боюнча талкууну өз-өзүнчө жүргүзүшөт. Талапкерлерди талкуулоо сынактын катышуучулары жокто жүргүзүлөт.
5.2. Зарыл болгон учурларда төртүнчү баскычка өткөн сынак катышуучулары Кеңештин чечимине ылайык добуш берүү жүрүмүнө чейин кошумча маекке чакырылышы мүмкүн.
5.3. Жашыруун добуш берүү үчүн бюллетень бланктары Кеңеш тарабынан бекитилет.
5.4. Сынакка катышкан бардык талапкерлерди талкуулоодон кийин Кеңеш мүчөлөрү жашыруун добуш берүүнү жүзөгө ашырат. Кенеш мүчөлөрү бул учурда бир гана талапкерге “макул” деп добуш бере алышат.
5.5. Эгерде добуш берүүдө Кеңеш мүчөлөрүнүн 2/3ден кем эмес бөлүгү катышса, анда Кеңеш чечими жарактуу деп табылат.
5.6. Кеңештин жалпы мүчөлөрүнүн 2/3 добушун алган талапкер “шайланды” деп табылат. Сынактын акыркы баскычында Кеңеш мүчөлөрү “макул” деп бир гана талапкерге добуш бере алат.
5.7. Эгерде бир дагы талапкер тийешелүү сандагы добушка ээ боло албаса, анда ушул эле Кеңештин отурумунда кайрадан добуш берүү жүргүзүлөт. Добушка эң көп добуш алган эки талапкердин аты-жөнү гана киргизилет. Эгерде эң көп добушка эки жана андан көп талапкер ээ болсо, (рейтинг боюнча биринчи жана экинчи орундарга бир канча талапкер бирдей добушка ээ болуп чыкса), анда добуш берүүгө биринчи жана экинчи орундарды ээлеген бардык талапкерлердин аты-жөнү киргизилет. Эгерде кайра шайлоодо дагы эч бир талапкер тийешелүү сандагы добушка ээ боло албай калса, анда сынак жараксыз деп табылып, жаңы сынак жарыяланат.
5.8. КР КТРКнын башкы директору кызматын ээлөө үчүн сынакка буга чейин катышкан талапкерлердин арыздары кайрадан кабыл алынбайт. Жаңы сынакка катышуу арызы мурдагы сынактын төртүнчү баскычына өткөн, андан эң көп добуш алып, кошумча добуш берүү маалында эң көп добушка ээ болгон (биринчи жана экинчи орундарды алган) талапкерлерден гана кабыл алынат.
5.9. Башкы директор кызматы үчүн сынактын жыйынтыктары өзүнчө протокол менен тастыкталат. Кеңештин отурумунун протоколуна добуш берүүгө катышкан комиссия

мүчөлөрү тарабынан кол коюлуп, ал жашыруун добуш берүү бюллетендери менен бирге Кеңеш Төрагасына тапшырылат. Сынактын жыйынтыктары КТРКнын ресурстарында, сынак тууралуу жарыя берген басылмаларда жана башка массалык маалымат каражаттарында, интернет-ресурстарда жарыялanууга тийиш.
5.10. Төрага жана Кеңеш Катчысы:
- добуш берүү үчүн бюллетендерди даярдашат;
- конкурстук комиссиянын иштөөсү үчүн зарыл болгон жай жана башка зарыл жабдуулар менен камсыз кылышат ;
- сынак жыйынтыгы боюнча Кеңеш чечимдеринин долбоорун даярдашат.
5.11. Сынакка ылайык тандалып алынган жак Кеңеш отурумунун протоколунун негизинде КР КТРКнын башкы директору кызматына мыйзам тарабынан белгиленген тартипте дайындалып, жеңүүчү аныкталган күндөн тарта бир ай аралыгында аны менен иш келишими түзүлөт. Эгерде сынакка ылайык тандалып алынган жак башкы директор кызматына дайындалуудан баш тартса, анда башкы директор кызматына ушул Жободо белгиленген тартипте жаңы сынак белгиленет.
5.12. Кызматты ээлөө үчүн сынактын жыйынтыктары боюнча Кенештин отурумунун протоколунун көчүрмөсү бул кызматка шайланган жактын өздүк иш кагазында сакталат.

**КР КТРК Байкоочу кеңешинин Төрагасы**
**Ж.Ж.Жекшеев**